КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезексиз XII сессиясынын №96/12-9 ТОКТОМУ

**10-март, 2026-жыл** **Талас шаары**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т Тескемеси менен Талас шаарына республикалык бюджеттен бөлүнгөн 1 090 000 000 (бир миллиард токсон миллион) сом максаттуу трансферт акча каражатын Талас шаарынын мэриясынын турак жай, коммуналдык чарба бөлүмүнүн жол куруу жана сатып алуулар беренесине бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т тескемеси, Талас шаарынын мэриясынын 10.03.2026-жылдагы №01-19/871 сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2026-жылдын 2-февралындагы №54-т тескемеси менен Талас шаарына республикалык бюджеттен бөлүнгөн 1 090 000 000 (бир миллиард токсон миллион) сом максаттуу трансферт акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай, коммуналдык чарба бөлүмүнүн жол куруу жана сатып алуулар беренесине бекитилсин.
2. Анын ичинен 910 000 000 (тогуз жүз он миллион) сомго Кыргыз Республикасынын транспорт министрлиги тарабынан Талас шаарынын ички көчөлөрүнө асфальт төшөөгө тиркемеге ылайык макулдук берилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ... ИНН 00612200510079